**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана башка шайлоо процессинин катышуучуларынын арыздарын кароо комиссиясына**

**Талас облусунун № 20 бир мандаттуу Манас шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Д. А. Джумабековдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыркул уулу Кенжебектен**
**Байланыш телефон: (+996) 502 379 858.**

# А Р Ы З

**(Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Н. Назарбековдун шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жөнүндө)**

Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбеков шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгын билдирем себеби, шайлоо компаниясы жүрүп жаткан учурда административдик ресурсту пайдалануу менен иш алып барганына күбө болдук, тагыраак "Түндүк Электро" Ачык акционердик коомунун Кара-Буура райондук электр тармагы ишканасынын атайын техникасынын жардамын акысыз пайдаланып, Кара-Буура районуна караштуу Кызыл-Адыр айылынын Марат Айтматов көчөсүндөгү Ак Ордо соода борборунун түндүк тарабындагы дубалга чоң көлөмдүгү үгүт материалын орнотуп жатканын смартфондун жардамы менен сүрөт жана видеога тартылып алынган, талапкер М.Р. Назарбеков Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин талаптарын бузган, тактап айтканда Шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарды мыйзам менен тыю салынган административдик ресурсту пайдаланып жатканын көрсөк болот.

Жогорудагы аталган мыйзам бузуучулук фактысына юридикалык баа берилип мыйзам чегинде чара көрүлүшү керек, ошол себептен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамын жетекчиликке алып **суранам:**

- **Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбековго шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жоопкерчиликке тартууну.**

Тиркелет: Смартфондогу сүрөт жана видеолордун көчүрмөсү
CD форматында

____________ Ашыркул уулу Кенжебек.

25. 11. 2021ж.

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-14/4696
«25» 11 2021 ж/г